# Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу



Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругу табигаттагы баардык кооздукту ичине камтыган бийик тоолуу, асман тиреген аска зоолуу, карагай чердүү, көк кашка тунук агын суулары, деңиз денгээлинен 3000 метр бийиктиктен жогору жайгашкан Соңкөл, Чатыркөл көлдөрү менен белгилүү болуп, өзгөчө биологиялык көп түрдүү чөйрөнү камтыйт. Коруктун жалпы аянты — 21 миң 16 гектар. Корук негизинен 3 бөлүктөн турат: Каратал-Ачаташ, Соң-Көл жана Чатыр-Көл.

Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу КРнын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 1-мартындагы №91 токтому менен Борбордук Тянь-Шандагы уникалдуу жаратылыш комплекстерин, сейрек кездешүүчү жана жоголуп бара жаткан фаунанын, флоранын түрлөрүн сактап калуу, аймактагы жалпы экологиялык баланстын туруктуу абалын камсыз кылуу, жаратылыш процесстеринин табигый агымын изилдөө, жапайы жаныбарлардын табигый шартта эркин көбөйүүсүн кам көрүү максатында комплекстик корук катары түзүлгөн.


Жаратылыш коругу негизинен суулу- саздак жерлери басымдуу кылат.

Каратал-Жапырык коругунда өлкөбүздүн социалдык экономикалык туруктуу өнүгүүсүнө, курчап турган чөйрөнү коргоо, жаратылыш байлыктарын үнөмдүү, сарамжалдуу пайдалануу жана биологиялык көп түрдүүлүгүн сактоо багытында көп иштер жүргүзүлүүдө.

Сөн-Көл Чатыр-Көл корук участокторунун өзгөчө коргоо максаттары: бийик тоо массивиндеги уникалдуу көлдөрдүн табигый байлыктарын коргоо, суулуу-саздак жерлерди, анын ичинде мекендеген канаттууларды коргоо жана сактап калуу аракеттерин көрүү.



Бул корук Кыргызстандын Нарын облусунун Нарын жана Акталаа райондорунун аймагында, тоолуу Соң-Көл көлүнүн түштүгүндө, Коргоо тоосунун түш.-чыгышында, Кажырты суусунун оң курамы болгон Каратал менен Жапырык сууларынын алаптарында жайгашкан.



Коруктун негизги максаты Ички Теңир-Тоого мүнөздүү болгон уникалдуу табигый жаратылыш комплексин (карагай, арча токойлорунун туташ массиви, бадалдар менен шалбаа) сактоо жана аларга илимий изилдөө, байкоо жүргүзүү болуп эсептелет.

Коруктун аймагынын орточо бийиктиги - 2500—2600 м.; жеринин бети кокту-колот, өрөөндүү.

Бөлүнүп берилген бул участокторго суу-саздак жерлерди байырлаган канаттууларды коргоо чаралары көрүлүп, жергиликтүү тургундар анын ичинде мал чарбачылыгы менен алектенген жарандар менен иштешүү, туура түшүндүрүү, корукка алынган жерлердин табигый асылдуулугун, баалуулугуна карата мыйзамдуу аракеттерди көрүү, жалпылап айтканда үгүт насаат иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп келишүүдө.



Жергиликтүү тургундардын социалдык муктаждыктарынан келип чыккан экологиялык кырсыктарды астын алуу, болтурбоону жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийликтери менен биргелешип жүзөгө ашырып келүүдө.

Корукта бугу, элик ж.б. жаныбарлар кездешет. Корукта уникалдуу табигый комплекстерге багытталган илимий изилдөөлөр жана байкоолор жаңыдан гана жүргүзүлө баштады.
Коруктун кызматкерлери Кыргызстанлын башка коруктарынын жана Орусиянын Алтай Республикасынын коруктарынын жамааттары менен тыгыз илимий-өндүрүштүк кызматташтыкты жүргүзүп келет.
Корук жалпы 13 айыл өкмөтү менен чектешип, алар менен бирге жаратылышты коргоо, экологияны сактоо жаатындагы иштер алып барылат.

Корукта өсүмдүктөрдүн 600 түрү, сүт эмүүчү жаныбарлардын 36 түрү, канаттуулардын 130, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 3, бакaнын 1, балыктын 7 түрү жашайт. Өсүмдүктөрдүн 2 түрү Кызыл китепке киргизилген, ал эми 45 түрү дары өсүмдүктөр болуп эсептелет.
Кызыл китепке киргизилген жаныбар, канаттуулардын ичинде илбирс, жазы кулактуу жарганат, таштакчыл суусар, сүлөөсүн, тоо теке, кумай (таз жору), бүркүт, ителги, кара илек-илек, тоо казы, ак куу, ак баштуу жору, узун тумшуктуу арам өрдөк, кулаалы, кара каз, каркыра, кара баштуу чайка жана башкалар бар. Мунун баарына инвентар жүргүзүлгөн. Алардын абалы “Жаратылыш жыл наамасы” илимий эмгекке жыл сайын жазылып турат
Коруктун климаты жайгашкан ордуна карап жайы салкын, кышы катуу болот. Кыш 6 айга созулат. Жайкысын орточо температура Ө11...Ө16 градусту түзөт.



Ошондой эле, Соң-Көл менен Чатыр —Көлдө көбүнчө суулуу-саздак жерлерди мекендеген жапайы өрдөктөр, каздар, чулдуктар, мойноктор кездешет.

Коруктун тунгуч жетекчиси - белгилүү коомдук ишмер Кадыракун Базарбаев болгондуктан Кара-Тал жапырык мамлекеттик коругуна ысымы ыйгарылган.

2012-жылдан бери коруктун директору - биолог, токой чарба адиси Бакытбек Чороев.

2024-жылдын 22-майда Каратал-Жапырык мамлекеттик коругуна 30 жыл болот.

Маалыматты даярдаган А.Акматова

Колдонулган адабияттар: Каратал-Жапырык мамлекеттик коругуна 20 жыл